87

(1317(ф))

Молдо Кылыч
Шамыркенов

Зар заман.

1950ж. I экз.

Институт языка, литературы и истории
Отд. рукописей
Инв. № 87
1983г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

## КЫСАЙЫ ЗАР ЗАМАН

Байкасаңыз сөзүмдү,
Куру бекер чарчатып,
Көп убара кылбагын.
"Зар заманды" карасаң,
Санды түмөн сөзү бар,
Жакшы байкап кулак сал,
Шарияттын изи бар.
Бейли бузук адамдан,
Нече түркүн киши бар.
Акын деген такалбай,
Айтуу менен иши бар,
Мындан башка сиздерге,
Бөлөк айтар неси бар?
Акын адам биледи,
Ар немени сүйлөсө,
Куюлушуп келеди.
Көөнүндөгү немесин,
Барын айтып берейин,
Кужулдабай отурсаң,
Как ушуну сүйөдү.
Сүйлө тилим сүйлөгүн,
Көөнүңүздү бөлбөгүн.
Кызыганда "Зар заман",
Кумурскадай төлдөгүн.
Кызыл тилим такалбай,
Теги менден көрбөгүн.

Жалган болсо сөзүмө,
Айтканыма көнбөгүн.
Кагазынан билалбай,
Калет кылып жүрбөгүн.
Молдо Кылыч мен атым,
Болот калам дабатым,
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинип,
Катка түштү авазым.
Окуп көргөн моллалар,
Жакшы байкап карасын,
Этек - жеңи жайылган,
Эли- журтум сарбагыш,
Ошончолук көп журттан,
Акын чыккан мен жалгыз.
Сүйлөгөнүм ырасбы,
Сөзүмдү айып кылбаңыз.
Темир болот, Мадырбек,
Үчүкөдөн таралды
Күлдү Тынай баарысы,
Сарбагыштын ураaны.
Ушпу көздө замана,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинки сөз калса,
Каныш жүрсүн кулагы.

Кагазынан окуса,
Кудай үчүн моллалар,
Кылар мекен дуваны,
Көп алдына сүйлөйүн,
Көргөнүмдүн баарысын,
Санат кылып зарлайын,
Билгенимди кагазга,
Бир-бирине жалгаймын.
Эп келтирип улаймын,
Оболунда жалынып
Сыйынамыз кудайга.
Тирүү турсам зар заман,
Сөзүм кетер далайга.
Насыйхатты суйлөсө,
Акыл Менен абайла.
Убаданды кетирбе,
Үйүңдөгү малайга.
Сүйлөп сөзүм түгөнбөс,
Байкап турсаң ар башка,
Бир-бирине кошулбас.
Мойнун толгой баскандар
Ата тилин албасаң,
Жакшылыкка жарбайсың
Жарык болуп жүзүңүз
Акыретке барбайсың
Ата тилин алгандан,
Жаман болуп калбайсың.
Бейли жаман капырлар,
Беш намазды окубас,

Жанга келген өлүмдөн,
Жан - жаныбар кутулбас.
Ыкыбалдуу жакшылар,
Бересеге басылбас.
Бейли кенен болгон соң,
Берекесин качырбас.
Дүнүйөкор байларын,
Тамагынан таттырбас.
Жардам болуп жанына,
Жалгыз адам отурбас.
Ол өңдөнгөн капырлар,
Жааннамдан кутулбас.
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Бу сөзүмдүн аягын,
Болжол кылып абайлап,
Жакшы байкал карагын.
Айтып бердим билгизип,
Ар немөнин баянын.
Жарымаганын билгизгин,
Жардылардын жаманын,
Бар болсо да куну жок,
Байларындын жаманын.
Барын айтып берейин.
Зейректигиң жок болсо,
Сексендеги чалдайсың.
Өз акылыңң эп көрсөң,
Сөзгө кулак салбасың.

?